**ИСРАИЛОВА Г.Т.,**
*Ж.Баласагын ат. КУУ*

# БАКАЛАВРЛАРДЫН МЕТОДИКАЛЫК БАГЫТТЫГЫ ОКУУ-ИЗИЛДӨӨ ИШТЕРИНИН МАҢЫЗЫ ЖАНА ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

Жогорку окуу жайларында болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоо көп грандуу, татаал проблема. Учурдун талабына жараша жаш мугалимдин кесипке даярдыгынын негизги критерийи катары анын алган билимдерин кесиптик ишмердүүлүгүндө колдоно алуу мүмкүнчүлүгү гана эмес, өз алдынча изденүү, түзүлгөн педагогикалык абалды өзгөртүүгө жөндөмдүүлүгү белгиленет. Эки баскычтуу билим берүү системасынын потенциалдык мүмкүнчүлүктөрү жогорку талаптарга толук жооп бере алат.

Бирок, классикалык университеттердин шартында эки баскычтуу билим берүү системасына өтүү болочок математика мугалимдердин даярдоо боюнча бир топ маселелерди да жаратты.

Математика багыты боюнча бакалавриат жалпы фундаменталдык базалык математикалык билим берүү максатын көздөп, табыгый илимдердин дисциплиналарын жана жалпы кесиптик дисциплиналарды камтыйт. Ал эми адистиктин дисциплиналарынын жана курстарын үлүшү эң аз. Ошону менен бирге эле республиканын мектептеринде математика мугалимдеринин жетишсиздиги, алардын кесиптик даярдыгынын төмөндөп кетиши бакалавриатта жалпы математикалык даярдыкты камсыз кылуу менен бирге мугалимдик кесипке даярдоо маселесине да көңүл буруунун зарылдыгын тастыктайт. Анткени азыркы эмгек рыногунда мугалимдик кесипке болгон суроо-талап басымдуулук кылганына байланыштуу бүтүрүүчүлөрдүн көпчүлүгү ушул кесипти аркалап кетишет.

Эки баскычтуу билим берүү системасына өтүүдө аудиториялык саатар эки эсе кыскарып, бакалаврлардын өз алдынча ишине орчундуу орун берилгендиктен, студенттердин окуу ишмердүүлүгү окуу-изилдөө ишмердүүлүгүнө жакындайт. Ошондуктан бакалаврлардын методикалык багыттагы окуу-изилдөө ишин натыйжалуу уюштуруу маселеси алдыңкы орунга чыгат.

Изилденип жаткан проблема боюнча адабияттарды иликтөөнүн жыйынтыгы «студенттердин окуу-изилдөө иши» (СОИИ) түшүнүгүн чечмелөөдө окумуштулар бирдиктүү пикирге али келе электигин көрсөтөт. Изилдөөчүлөр СОИИни окутууну уюштуруунун формасы, методикалык ыкма, окутуу методу, студенттердин өз алдынча ишинин формасы, ишмердүүлүктүн бир түрү, чыгармачылык активдүүлүктү өнүктүрүүнүн, окуу процессине илимий изилдөөнүн элементтерин киргизүүнүн каражаты, кесиптик даярдыкты жакшыртуунун каражаты катары аныкташат.

Терминологиялык жактан да ар түрдүү көз караштар кездешет: «студенттердин окуу-изилдөө иши», «студенттердин окуу процессине камтылган илимий-изилдөө иши», «студенттердин окуу илимий-изилдөө иши», «студенттердин окуу-изилдөө ишмердүүлүгү», сыяктуу терминдер көпчүлүк учурда синоним катары колдонулат.

Демек, бакалаврлардын методикалык багыттагы окуу-изилдөө ишинин мазмунун аныктоо, өзгөчө методикалык түрмөктөгү дисциплиналардын өзөгүн түзгөн «Математиканы окутуунун методикасы» курсу боюнча, аны уюштуруу жана башкаруунун методикасын иштеп чыгуу жаатында аны бир жактуу аныктап алуу принципиалдуу маселе.

Илимий-методикалык адабияттарга талдоо жүргүзүүнүн натыйжасында студентеридин илимий ишинин эки баскычын белгилейбиз: окуу-изилдөө иши жана илимий-изилдөө иши. Себеби, логикага ылайык, студент окутуучу мүнөздөгүтапшырмаларды аткаруу менен алгач изилдөө билгичтиктерин өздөштүрөт, андан кийин гана чыгармачылык ишке өтүп, жаңы илимий жыйынтыктарга ээ болот. «Бир

жагынан, окутуунун алгачкы этабында фундаменталдык даярдыкты камсыз кылуучу билим берүү стандартынын нормаларын так сактоого тийишпиз, экинчи жагынан, илимий-изилдөө ишине студенттерди мүмкүн болушунча эрте тартуу зарыл» [1, с. 132].

Ошентсе да, бакалавриаттын деңгээлинде илимий-изилдөө иши тууралуу сөз кылуу али эртелик кылат. Анткени бакалаврлардын билим деңгээли илимий-изилдөө жүргүзүүгө жетишсиз, алардын ишмердүүлүгү окуу процессинин графиги, тематикасы менен чектелген. Айтылган пикирди таблицада берилген салыштырма анализ аркылуу да бекемдөөгө болот (Табл.1).

БОИИ жана СИИИ нинбелгилеринсалыштыруу Таблица 1.

| Салыштыруу | БОИИ | СИИИ |
|---|---|---|
| Максаты | Изилдөө билгичтиктерин өнүктүрүү, кесипке даярдоону жакшыртуу | Кесипке даярдоону жакшыртуу, коюлган проблеманы чечүү. Келечекте изилдөөчү-мугалимди калыптандыруу |
| Проблеманын коюлушу | Педагог | Педагог менен студент биргеликте |
| Илимий изилдөө методдорун колдонуу | Илимийизилдөөметоддору нөздөштүрүү | Илимий изилдөө методдорун өз алдынча колдонуу |
| Маанилүүлүгү | Өздүк | Өздүк, илимий, социалдык |
| Жаңылыгы | Субъективдүү | Объективдүү |
| Коммуникативдик мамилелер | Педагог-студент-студенттик коллектив | Окумуштуу- педагог-студент-студенттик коллектив |
| Жетишкендиктер | Чыгармачылык жөндөмдүүлүктүн өсүшү | Чыгармачылык жөндөмдүүлүктүн өсүшү, изилдөөчү-мугалимдин калыптанышы |

В.В. Николаева «окуу иши» жана «окуу-изилдөө иши» түшүнүктөрүн талдоо менен окуу-изилдөө ишине төмөнкү аныктаманы берген: «Студенттердин окуу-изилдөө иши окутуучу тарабынан уюштурулуучу жана башкарылуучу, окуу-изилдөө системасынын кайсы бир активдүүлүк абалында белгисиз элементтерди табууга, ал элементтердин белгисиз касиеттерин, алардын ортосундагы байланыштарды жана катыштарды өз алдынча аныктоого жана далилдөөгө багытталган, анын натыйжасында студент жаңы билимге ээ болуучу, чыгармачылык, изилдөөчүлүк билгичтиктери жана көндүмдөрү өнүгүүчү окуу-таанып билүү ишмердүүлүгүн билдирет» [2, 25б.]. Ал студенттердин окуу-изилдөө ишине эки ача маани берет: биртараптан ал  окуу-изилдөө тапшырмасы, экинчи тараптан окуу-изилдөө тапшырмасын аткарууга багытталган ишмердүүлүк. Мындай кош маанилүүлүккө туш болбош үчүн «студенттердин окуу-изилдөө ишмердүүлүгү» деген терминди колдонуу сунуш кылынат. Студенттердин окуу-изилдөө ишмердүүлүгү – окуу ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүндө илимий изилдөө методдорунун аң-сезимдүү колдонулушу менен мүнөздөлгөн таанып билүү ишмердүүлүгү [3].

Жогорку аныктамалардан көрүнгөндөй «студенттердин окуу-изилдөө иши» түшүнүгүндө «окуу иши» маани жагынан үстөмдүк кылат жана изилдөөнүн элементтерин колдонуу менен ишке ашырылуучу окутуунун деңгээлин түшүндүрөт. Демек, бакалавлардын окуу-изилдөө ишинде да окуу иши негизги мааниге ээ, себеби:

- биринчиден, бакалаврлардын изилдөө ишмердүүлүгүнүн объектиси окуу материалы, илимде чечилген проблема, бирок окутуунун максатына жараша анын чечилиши кайра карлат, кайталанат;

- экинчиден, аны аткаруу процессинде бакалаврлар изилдөө ишинин элементтерин өздөштүрүшөт.

Бакалаврлардын окуу-изилдөө иши тиешелүү ишмердүүлүктүн натыйжасында ишке ашырылгандыктан, көпчүлүк учурда аны «окуу-изилдөө ишмердүүлүгү» терминин синоними катары кабыл алууга да болот.

Демек, бакалаврлардын методикалык багыттагы окуу-изилдөө иши деп, методикалык түрмөктөгү дисциплиналар боюнча, анын ичинде «Математиканы окутуунун методикасы» курсу боюнча изилдөөнүн элементтерин камтыган окуу ишмердүүлүгүнүн бардык түрүн түшүнөбүз. Анын башкы өзгөчөлүгү окуу ишмердүүлүгүнүн жогорку формасы катары окуу процессинин катышуучуларынын – окутуучу менен студенттин ээлеген ордун принципиалдуу өзгөрткөндүгүндө. Ал эми башкы стратегиялык максаты – бакалаврларды жөндөмүнө, кызыкчылыгына жана турмуштук пландарына жараша өзүнүн билим алуу траекториясын түзүп, изилдөө ишин жүргүзүүгө, ар кандай булактардан маалыматты иликтеп, өз билимине айлантууга психологиялык жана функционалдык жактан даяр окуу процессинин активдүү субъектине айлантуу.

Билим алуучунун активдүү субъектке айланышы төмөнкү шарттарды канаатандырат:

- Окутууда активдүү орунду ээлөөгө жөндөмдүүлүгү;
- Коюлган окуу максатына жетүү үчүн акыл-эсин жана эркин жыйноого даярдыгы;
- Окуу ишин долбоорлоого, пландаштырууга жана прогноздоого даярдыгы;
- Оң ички мотивдин негизинде өз таанып билүү ишмердүүлүгүн уюштурууга жөндөмдүүлүгү;
- Өзүнүн окуудагы потенциалдык мүмкүнчүлүктөрүн түшүнүүжана өзүн-өзү өнүктүрүү боюнча иш-аракеттердин программасын түзүп алууга психологиялык жактан даярдыгы.

Жыйынтыктап айтканда, бакалаврларды окуу процессинин активдүү субъектине айланту өз алдынча иштин үлүшүн көбөйтүүнүн, изилдөөчүлүк жана чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өстүрүүчү окутуунун активдүү методдорун колдонуунун негизинде ишке ашат. Методикалык багыттагы окуу-изилдөө ишин аткаруу менен алар коюлган проблеманы чыгармачылык менен чечүүгө, илимий-методикалык адабият менен, электрондук булактар менен иштөөгө көнүгөт, педагогикалык эксперимент жүргүзүүгө, изилдөөнүн жыйынтыктарын талдоого жана туюнтууга, жазуу жүзүндө чагылдырууга үйрөнөт.

**Адабияттар**


1. Буреш О., Реннер А. Интеграция НИРС в учебный процесс и качество образования // Высшее образование в России.-2008.-№11.
2. Николаева, В.В. Учебно-исследовательская работа студентов по методике преподавания математики как средство совершенствования методической подготовки учителя математики.-дис. … канд.пед. наук.-Могилев, 1985.
3. Амелина, Н.С. Организация учебно-исследовательской деятельности студентов педвуза.- автореф.дис. …канд. пед. наук.-Киев, 1982.